КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**11.07.2024-ж.** **№ 1** **Бакай-Ата айылы**

**«Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу “Ак-Тилек-Максат”муниципалдык ишканасына лизинг аркылуу атайын техника сатып алууга 9.582.614 ( тогуз миллион беш жүз сексен эки миң алты жүз он төрт) сом акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө».**

“ Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамдын 34-беренесине ылайык, Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу“Ак-Тилек-Максат”муниципалдык ишканасына “ Элдик Банк”аркылуу лизинг жолу менен 9.582.614 ( тогуз миллион беш жүз сексен эки миң алты жүз он төрт) сом акча каражатына атайын техника сатып алуу боюнча Бакай-Ата айылдык кеңешинин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Молдобековдун жана Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовдун сунуштарын угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 7-кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу “ Ак-Тилек-Максат” муниципалдык ишканасына лизинг аркылуу Хюндай 140, Хюндай H 940 S үлгүсүндөгү экскаваторлун жана оор жүк көтөрүүчү кран-манипулятор Isuzu авто унаа техникаларын сатып алууга макулдук берилсин.
2. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинде лизинг аркылуу атайын техника стып алууга каралган 9.582.614 ( тогуз миллион беш жүз сексен эки миң алты жүз он төрт) сом акча каражаты “Ак-Тилек- Максат”муниципалдык ишканасына которулсун.
4. “Ак-Тилек-Максат”муниципалдык ишканасына алынып жаткан атайын техникалардын баштапкы жана квартал сайын төлөнүүчү акча каражаттарын төлөөгө уруксат берилсин.
5. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БАКАЙ-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БАКАЙ-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**11.07.2024-ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**«Бакай-Ата айыл өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан трансферттик гранттык акча каражатына Бакай-Ата жана Наматбек айылдарынын генералдык пландарын жана топосьмка иштерин жасатууга макулдук берүү жөнүндө».**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан трансферттик гранттык акча каражатына Бакай-Ата жана Наматбек айылдарынын генералдык пландарын жана топосьемка иштерин жасатуу боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика боюнча бөлүмүнүн башчысы А.Тазабекованын сунушун угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 7-кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бөлүнгөн 6.038.300 (алты миллион отуз сегиз миң үч жүз) сом акча каражатына Бакай-Ата жана Наматбек айылдарынын генералдык пландарын жана топосьемка иштерин жасатууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23


# ТОКТОМ

**11.07.2024-ж.** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**«Бакай-Ата айыл аймагында жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жана бааларын бекитүү жөнүндө».**

Бакай-Ата айыл аймагында жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жана бааларын бекитүү жөнүндө “Ак-Тилек-Максат” муниципалдык ишканасын жайыт жана ирригация бөлүмүнүн башчысы С.Бердалиевдин сунушун карап чыгып, талкуулап жана Кыгыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 токтому менен бекитилген “Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө “Убактылуу жобону” жетекчилике алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 7-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагындагы жайыттарды башка максаттарда пайдалануу боюнча жеке жана юридикалык жактардан бир жылга алынуучу ижира төлөмдөрдүн баалары төмөндөгүдөй бекитилсин.

- эс алуу үчүн 2000 (эки миң) сом 1га жайыт жерге 1жылга ;
- жапайы өскөн жемиштерди, мөмөлөрдү, козу карындарды,башка тамак-аш продуктарын жеке пайдаланууга жыйноодо 1500(бир миң беш жүз) сом 1га. жайыт жерге 1 жылга;

дарылык-техникалык сырьену жыйноо жана балчылык үчүн 2000(эки миң) сом 1га. жайыт жерге 1 жылга;

- маданий-ден соолукту чыңдоочу, туристтик жана спорттук иш-чара өткөрүү аянтчаларын уюштурууга 2000(эки миң) сом 1га. жайыт жерге 1 жылга;
- чөптү жана отунду даярдоодо 2000(эки миң) сом 1га. жайыт жерге 1 жылга;
- жалпы таралган пайдалуу кендерди казып алууда 50000(элүү миң) сом 1га. жайыт жерге 1 жылга;

- жеңил конструциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын орнотуу,балык чарбаларын уюштурган учурда 5.000 (

беш миң) сом 1 га. жайыт жерге;

- көп жылдык мөмөлүү бак-дарактардын плантацияларын түзүү учурда 2000(эки миң) сом 1га. жайыт жерге.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы: К.Атантаев**